**УДК 94 (47)**

# НАРЫН ШААРЫНЫН НЕГИЗДЕЛГЕНДИГИНИН 145 ЖЫЛДЫГЫНА, ТУРДУКЕ БААТЫР МЕНЕН ХАН КАРЫМШАКТЫН 200 ЖЫЛДЫГЫНА КАРАТА

**БОКОЕВ К.С.**

Кыргыз Республикасынын Президенти А.Атамбаев 2012-жылдын 27-январында «Кыргызстандын элинин тарыхый жана маданий мурастарын окуп үйрөнүү, тереңдетүү жана жарандык атуулдукту калыптандыруу боюнча чаралар жөнүндө» №18 Жарлыгын кабыл алган. Бул жарлыкты негиз кылган Теңир-Тоолуктар 2012-жылдын 8-февралында Кыргыз Республикасынын Президентине "АКИпресс" агентствосу аркылуу «Нарын шаарынын негизделгендигинин 145 жылдыгын, Турдуке баатыр менен хан Карымшактын 200 жылдыгын 2013-жылы сентябрь-октябрь айларында өткөрүү боюнча» тийиштүү чечим кабыл алып берүүсүн өтүнүп, кайрылуу жолдогон. Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы тарабынан бул кайрылууга 2012-жылдын 20-июнунда №Б-1155 каты менен жооп берилип, натыйжада Нарын облустук мамлекеттик мамлекеттик администрациясы «Улуу Жибек жолунун боюндагы Нарын шаарынын негизделишинин 145 жылдыгын, Турдуке баатыр менен хан Карымшактын 200 жылдык маарекесин өткөрүү» боюнча № 288-б буйругу менен кошо иш чарасы иштелип чыгып, №6/3 коллегиясынын чечими чыккан.

Мындай шартта, Теңир-Тоодо турган кыргыздар борборубуз Нарын шаары качан, кайсыл жерге, кимдер тарабынан, кандай шартта, негизделген деген суроосу пайда болду. Жалгыз шаарыбыз тууралуу тарыхты так, толук билбеген карапайым эл менен тарыхчылардын ортосундагы ажырымды жакындатуу максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппараты менен С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети биргелешип бүгүнкү күнү ушул эл аралык илимий-практикалык конференциясын уюштурууда. Бул конференцияга катышуучулар тарыхый маалыматтарды терең талдап, такталбаган суроолорго кенен жана далилдүү жооп берип, толукталган жаңы тарых маалыматтарын эл катмарына жеткирүүгө аракет кылат деген ишенич бар. 2200 жылдык жалпы кыргыз журтуна тийиштүү тарых, оозеки санжыралар менен жана жазуу жүзүндө болуп эки бөлүккө бөлүнөөрү белгилүү. Ошол оозеки санжыралардын төрөсү болгон "Манас" чыгармасындагы каармандар Олуя Кошой менен Алмамбет Шердин Кыргыз-Кытай чегинде турушу сыймыктана турган окуя. Мына ушул улуу инсандар байыр алган Нарын шаары аркылуу агып жаткан улуу дайрабыз жөнүндө тарыхый маалыматтар анча арбын эмес. Алардын биринде: 7-12-кк. чейинки дүйнөлүк чыгармаларда Нарын ар түрдүү айтылыштарга ээ болуп, көпчүлүк авторлор дайрабызды "Берметтүү суу" деп аташкан. Ошол Нарын дайрасын бойлой жашаган каракыргыздар кандай мамлекеттердин курамында турушкан же кандай мамлекет курушкан деген суроолор жок эмес. Даректүү жазма окуя, тарыхтарга кайрылсак 10-12-кк. Кашкардан Букарга чейинки аймактарга Караханий мамлекетин куруп, ал мамлекетти жетектеген ролду ойногон чигилдер жергиликтүү кыргыз уруусу болгондугу кубанаарлык маалымат. Түрк элинин… «первый тюркский хакан, принявший ислам» деген маалыматында ушул мамлекетти негиздеген Сатук Карахан (мусулманча аты Сатык-Абдыкерим – К.Б.) 901-жылы Кашкарда туулуп, 12 жашынан баштап аалым Абу-Насыр-Самандан мусулман динин жашыруун кабыл ала баштагандыгын баяндайт. Ушул Букар, Нарын, Кашкар аймактарындагы Карахан мамлекетин башкарып турган кыргыз-чигилдери менен биздин доорго чейинки 3-1-кылымдарда Ысык-Көлдүн (Барскоондун) жээгиндеги Усун мамлекетинин борбор шаары Чигуда турган кыргыздары жана 14-к. ушул эле Нарындын Тарбагатайы менен Ак-Сайды туруктуу мекен кылып Моголстан мамлекетин Ате-башы шаарында башкарып турган Баймурат хандын кыргыздарынын бири-бири менен кандай

окшоштуктары бар деген суроо жок эмес. 1331-жылы Ате-Башы (“Ата-Башы”, “Аталар-Башы”, “Аталардын башчылыгында” – К.Б.) дүйнөлүк шаарлардын катарына киргенде кыргыз башкаруучусу, эмир Баймурат болгону 59 жаш курактагы улуу кол башчы экендиги тастыкталат. Ислам динин тутуп балдарына пайгамбарлар Муса менен Ахмеддин ысымдарын койгон бул эки мамлекет башчы тууралуу азырынча кыргыз тарыхында алгылыктуу маалыматтар жокко эсе. Бирок, ошентсе дагы 1390-жылы көзү өткөн Баймураттын заманынан кийин туура 253 жыл өткөндө, Калмак хандыгы Кыргызстанды басып ала баштагандыгы тарыхта баяндалат. Калмак чапкынын баяндаган нарындык нукура кыргыздар, «Катуудан казан, жумшактан күл калган» деген лакапты ушул кезге чейин эстеринен чыгар элек. Калмактардын 100 жылга чукул чапкынына чыдабаган кыргыздар «кара кийип» бири тереңге, бири шиберге көчүп ата-журтун таштап тентигенге туура келген. Азыркы Тажикстандын Куляб деген жерине чейин көчүп, конгон кыргыздар «казак кайың сааганда – кыргыз Кулябга кире качканда» деген тарыхый лакабын жаратышкан. Тарых маалымат бергендей, 1757-1758-жылдары Цинь аскерлери кыргыз жериндеги «миллиондон ашык» калмактарды жок кылып, Ала-Тоо аймактары тазаланып, ушул эле жылы кытай аскеринин кол башчысы Чжао Хой Нарын аймагына келгендигин баяндайт. Мына ушул окуядан кийин Куляб, Гиссар, Анжиян жергесинде тентип жүргөн кыргыз уруулары азыркы Кыргызстанга көчүп келишип, алы-шайына жараша жайгашуусу менен 19-к. биринчи, экинчи жарымындагы кыргыз тарыхынын орчундуу окуялары башталат (1,2,3,4,5). Калмак хандыгы кулап, талкалангандан кийин, башка жер, башка элде баш калкалап турган кыргыздар ата-бабасынын сөөгү калган өз жерине көчүп келүүсү 15-20 жылга чукул убакытка созулгандай. Окумуштуулардын белгилөөсүндө, уруулардын эң алгачкысы болуп Кулябдан Ысык-Көлгө бугу уруусу көчүп келген жана мал-жанга ылайыктуу көлдүн тескейин ээлеген. Ал эми Болот, Эсенгул, Ниязбектин урпактарынан болгон сарбагыш уруулары бугуларга караганда алы-шайына жараша кийин көчүп келип, көлдүн күнгөй бетин ээлешкен болучу. Көчмөн заманда мал-жанга анча шарты жок көлдүн күңгөйлүү кургагында турган «жалдуу барак Ормон» көлдүн тескейин кошо ээлеймин деген максаты менен Адыл баатырдын коштоосу аркылуу 1854-жылы «өөк барак Боромбайдын» журтуна катылган. Натыйжада: Ормон колго түшүп, Боромбай, Сарт-Аке, Балбай жана саяк Алыбектердин кеңеши менен өлтүрүлгөн. Ормондун «көлдү үч айланта чапсын» деген керээз кеби боюнча 1855-жылдын жай айынан баштап Ысык-Көлдө чоң согуштун оту жанган. Бул кандуу согуш 1863-жылга чейин басылбай Төрөгелди, Адыл, Үмөталынын чапкынына чыдабаган Боромбай, Балбай, Сарыпбектер Текес, Кыяс, Кытай чегине чейин кире качып, баш калкалап, карапайым эл менен кошо мал кырылган. Бул окуяга күбө болгон П.П.Семенов Жуукунун ашуусуна жакындаганда бугу, сарбагыш кагылышынан каза болгон элдердин сөөгүн көрүп, башын чайкап, таң калып күндөлүгүнө жазып калтырган (6). Мына ушул 1855-1863-жылдардагы тарыхый окуялар тууралуу Кыргызстан тарыхы: “Теңир-тоолук черик уруусу Кокон хандыгына, Цинь-манжур төрөлөрүнө, Кашкардын улугу Жакыпбекке салык төлөп, кош кабат эзүүгө туш болушкан. “Чериктин манаптары 1863-жылы Россияга кошулуу менен татаал абалдан чыгууну көздөшкөн” деп баяндайт (7). Ал эми Ч.Валиханов Нарындан Кашкарга чейин 1858-жылы экинчи жолу келген сапарындагы маалыматтарга токтолуп көрөлү. Чериктер эки бөлүккө бөлүнөт. Биринчисин таасирлүү бийлер Орус, Сасык Орус, Кенжеш менен «өтө күчтүү» Карымшак; экинчи урукту Турдуке башкарат. Ал Кокон бийлигин үстүртөдөн (номиналдуу) гана тааныйт, эч кандай зекет, салык төлөбөйт дейт (8). Ушундай дагы бир маалыматта «Какшаал дарыясын бойлой көчүп конуп жүрүүчү Турдуке (баатыр – К.Б.) Турфандын жанындагы (Кашкар - К.Б.) шаарынын акими (Жакыпбек-Бедөөлөт – К.Б.) кыргыздарды алдаганына наараазы болуп, соодагер сарттардын бирин кармап алып, башына чалма ороп, “мына силерге кожо” деп Турфан дарбазасына алып келген. Жыл сайын берилүүчү Кытай Өкмөтүнүн ардактуу сыйлыктары черик уруусунун башчыларын токтотуп турган. Кожолор келгенде чериктер Кокон (Кашкар-К.Б.) бийликтерин жок санашып, алардын буйруктарын аткарышпай тургандыгын белгилөөгө арзыйт», - деп жазган (9). Демек, калыс жана такшалган окумуштуу С.Аттокуров жазгандай чериктер калмактардын баскынчылык мезгилинде дагы башка уруулардай болуп “тажик жергесиндеги Кулябга кире качпай, ата-бабасы жердеген Нарындан кетпеген” деген маалыматы чын болсо, анда 1863-жылкы орустарга кошулуу

тарыхын кеңири талкуулообуз зарыл. Алты миң түтүн эли бар Турдуке менен Карымшак 1863-жылдын эрте жазында Ак-Сайдын Көл-Төр деген жерине шашылыш курултай чакырган. Бул курултайдын ушул жерде өтүшү тууралуу санжырачы Ороз болуш кызы Калыйчадан уккан кабарым бар. Турдуке менен Карымшактын агасы айтылуу Зор-Калча баатыр сыркоолоп ошол Көл-Төр кыштоосунда "төшөктө" болот. Санжырада айтылгандай Ормонго Калыгулдун, Боромбайга Тилекматтын кадыры кандай керек болсо Калчанын кадыры дагы Турдуке менен Карымшакка андан кем болбогон! Курултайга Дөрбөлжүндөн басыз, Курткадан чоросаяк, Какшаалдан чоңбагыш уруулары чакырылат. Курултайда үч чоң маселе каралган. Биринчиси: Кашкардан Долонго чейинки аймактарда жашаган кыргыздардын Орусияга кошулуусу менен эли-журттун бүтүндүгүн сактап калуу; экинчиси: орус аскерлеринин күчү менен Ысык-Көлдөгү бугу, сарбагыш, саяк урууларынын чоң согушунун отун өчүрүү; үчүнчүсү: ушул согуштун кесепетинен Текес, Кыяска чейинки тентиген элди кайрадан өз жерине кайтаруу маселелери талкууланган болучу. Талкуунун жыйынтыгы менен черик уруусунун жазган каты 1863-жылы эрте жазда Ала-Тоо округунун генерал-губернатору А.Г.Колпаковскийге жеткен. Андан ал кат Батыш Сибирь генерал-губернатору А.О.Дюгамельге жетип ал, 23-апрелинде Санкт-Петербургда турган падыша өкмөтүнүн вице-канцлерине нарындык чериктердин Орусияга кошула турган маанайын билдирип кат жазган. Ал катта: "Орусия букаралыгына черик уруусун кабыл алуу... биз үчүн өтө пайдалуу... анда Орусиянын чечкиндүү таасири Кашкар чегине чейинки урууларга биротоло таркалаары анык... айрыкча сарбагыштардын алардын жолун жолдошу үчүн үлгү болушу мүмкүн..." дейт. Нарындык кыргыздар менен Орус бийлигинин ортосундагы кат алмашуу көпкө созулбай, 21-майда князь Горчаков Санкт-Петербург шаарындагы орус императору тарабынан чериктердин суроосу канаттандырылгандыгын билдирип, А.О.Дюгамельге телеграмма жиберген. 1963-жылы 13-октябрда А.О.Дюгамель Омск шаарына келип, нарындык чериктердин Орусия букаралыгына өткөндүгү боюнча мамлекеттик чоң иш чара өткөрөт. Бул иш чарага айрым өкмөттүк дэңгээлдеги билимдүү атуулдар менен Батыш Сибирь генерал-губернатордун штабында кызмат кылган жогорку чиндеги аскер адамдары жана кээ бир казак султандары катышат. Иш чаранын аягында Кашкар чебинен берки Какшаал, Ак-Чий, Улуу-Чат, Катуубагыш, Тоюн, Торугарт, Ак-Сай, Арпа, Ат-Башы, Дөрбөлжүн, Нарын, Долонго чейинки зор аймактарды Орусияга алып калгандыгы үчүн Турдуке баатыр Чоң Алтын медаль, 1-даражадагы баркыт чапанга, хан Карымшак Чоң Күмүш медаль, 1-даражадагы нооту чепкенге жана дагы 4 манап 1-дараждагы нооту чепкендерге арзыйт (10,11,12). Окумуштуулар белгилегендей, 1863-жылы 13-октябрдан баштап кыргыздардын Орусияга кошулуусунан кийин деле көлдөгү уруу-уруу болуп чабышып жаткан согуш 1868-жылга чейин токтобогон. Бирок, анткен менен нарындык кыргыздардын Орусияга кошулуусунан кийин жалпы кыргыз элинин турмуш-тирчилигинде бул согуштарга карабай эле тарыхый чоң өзгөрүштөр пайда боло баштаган. 1864-жылы 23-сентябрда Кашкардан берки Какшаал, Артыш, Ак-Суу, Улуу-Чат, Тоюн, Катуубагыш, Ак-Жар, Топо, Торугартка чейинки ж.б. жер-суулар менен Торугарттан баштап Ак-Сай, Арпа, Орто-Сырт, Босого, Ат-Башы, Дөрбөлжүн, Куланак, Нарын, Миң-Булак, Дөбөлү, Долон жер аймактары Орусия менен Кытай мамлекеттери тарабынан экиге бөлүнгөн болучу. Бул орус-кытай чек араны Орусиядан генерал Виктор Мединский менен Кытайдан комиссар Ша башында тургандар адамдар бөлгөндүгүн Кыргыз Республикасына эгемендүүлүк келгенден кийин гана билдик. Натыйжада: азыркы Нарын облусунун, Ат-Башы районундагы, Ак-Сай өрөөнүндө жайгашкан Торугарт ашуусу эки мамлекеттин чек арасы (сызыгы) болуп аныкталат. Бул эл аралык келишим Чугучак шаарында түзүлүп, натыйжада эл аралык протокол менен бекитилет. Белгилүү публицист С.Чериковдун "Империялардын тогошуусу" деген эмгегинде "генерал Мединскийдин жаңылышуусу" деген тема бар. Анда: чек бөлүүдө "Башкы тоо кыркасына байланыштуу жаңылыштыктар болгондугун" көрсөтөт. Азырынча ошол кездеги Кашкардан Нарынга чейинки черик, чоңбагыш кыргыздарынын Торугарт ашуусунан экиге бөлүнүп калышы табышмак боюнча эле турат. Кези келип бизден дагы билимдүү, чынчыл, инсандар убагында чыгып, бул жаңылыштыктарды жарыкка чыгарып, элдин көксөөсүн кандырат деген менде толук ишенич бар. Кыргыз-Кытай чек арасы 1864-жылы бөлүнсө, анда Нарын аймагындагы 600 чакырымдан ашык мамлекеттик чек ара качан корголо баштаган деген суроо

жок эмес. Ооба, буга чейин кыргыз, анын ичинде Нарындагы тарыхый окуялар так, толук жазылып келбегендиктен ар кандай такталбаган маалыматтар менен таанышбыз. Ал эмгектердин биринде Нарында мамлекеттик чек ара 1886-жылдан баштап кайтарыла баштаган деген маалымат бар.

Кыргыз-Кытай чек арасындагы “Үсөнгү-Кууш” боюнча көтөрүлгөн маселелерди архивдик материалдар менен аныктап, тактап, чыгарган Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин эмгегинде жаңы тарыхый маалыматтар кездешет. Анда, 1864-жылы 23-сентябрда кол койгон “Чугучак” эл аралык протоколунан кийин, ошол эле жылы жай айларында (эмнегедир ошентип жай айлары деп жазып коюптур, негизи сентябрь-октябрь айлары күз мезгилине кириши керек – К.Б.) “Ысык-Көлдө турган генерал-майор Колпаковскийге Кашкар менен чектешкен жерде көчүп, конуп, жүргөн мындан мурдараак Россиянын курамына кирген, кыргыздын черик уруусунун өкүлдөрү келишкен жана күч менен акы чогултуп, Турдуке уруусунун башкы манабын Кашкарга алып кеткендигин айтып даттанышкан. Орус бийликтери жаңы эле кол коюлган келишимдин тийиштүү статьясына ылайык, өздөрүнүн жаңы “граждандарын” коргоо максатында, чек арага орус-казак отряддарын коюп коюшкан. Ошондой эле, “жаңы” россиялыктар болгон чериктерге мындан аркы эл аралык тартипсиздикти болтурбоо үчүн чек аранын тигил жак, бул жагына өтпөй чек арадагы тартипти сактоого буйрук берилген” деп жазат. Демек, С.Чериков бул эки мамлекеттин чек арасын кайтарууга карата жазылган маалыматтарды тарыхый документти архивден алгандыктан биз, Нарын аймагында мамлекеттик чек араны коргоо мурда жазылып келе жаткандай 1886-жылдан эмес, 1864-жылдын күз айынан баштап корголо баштагандыгына күбө болобуз.

Кошумча түшүнүктөр:


1. Нарын облусунун энциклопедиясы. Б.-1999. 155-156, 303, 108-б.
2. КР УИА. Тарых ж-а маданий мурас институту. Кыргызстан тарыхынын маселелери илимий журналы. № 2. Б.-2009.93-105-б.
3. Министерство образования и науки Кыргызской Республики. Кыргызско-Узбекский университет. Наука, образование, техники. Междунараодный научный журнал. № 1(27), часть 1, Ош-2009.стр.192-195.
4. В.М.Плоских. Биздин Кыргызстан: популярдуу тарыхый энциклопедиясы. Б.-2004.157-б.
5. Т.Өмүрбеков. “Боромбай”. Б.-2003.7-8-б.
6. К.Ачикеев. “Тилекмат” (тарыхый очерк).Б.-1998.112-б.
7. Ө.Осмонов. Кыргызстан тарыхы (маалыматнаама).Б.-2003.80-81-б.
8. Нарын облустук мамлекеттик администрациясы, С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына, Ажыбек баатырдын 200 жылдыгына, Казыбек казалчынын 100 жылдыгына арналган “Ажыбек баатыр жана анын доору, “Казыбек казалчы жана анын адабий мурастары” Республикалык илимий-практикалык конференциянын материалдары. Н.-2003. 15-16-б.
9. Б.Джамгерчинов. Кыргыздар Ормон хан доорунда. Б.-1998.36-б.
10. Б. Джамгерчинов. Присоединение Киргизии к России. 1959.М. 263 -264-стр.
11. Токторбек Өмүрбектегин, Тынчтыкбек Чоротегин. Түндүк Кыргызстандын Орусияга каратылышы. Б.-1992. 20-б.
12. Ө.Осмонов. Кыргызстан тарыхы (маалыматтнама).Б.-2003. 80-81-б.
13. Тышкы иштер министрлиги. Кыргыз-Кытай мамлекеттик чек арасы жөнүндө материалдар жана документтер. Б.-2003. 60-61-б.
14. Нарын облусунун энциклопедиясы. Б.-1999. 321-б.